Бекитемин: ___________
Мектептин директору: Саякбаева Н.Ш.

**Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин (2018-2019, 2019-2020, 2020-2021, 2021-2022, 2022-2023-окуу жылдарындагы) окуу пландарынын анализи.**

| № | Окуу жылдары | Класс комплекти | Бир жумалык окуу жүктөмү | Мамлекеттик компоненти | Мектептик компоненти | Каттоо номери |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2018-2019-окуу жылы | 11 | 298 саат | - | - | № |
| 2 | 2019-2020-окуу жылы | 11 | 299 саат | 297 | 2 | №2 |
| 3 | 2020-2021-окуу жылы | 11 | 299 саат | 297 | 2 | №3 |
| 4 | 2021-2022-окуу жылы | 11 | 299 саат | 297 | 2 | № |
| 5 | 2022-2023-окуу жылы | 12 | 318 | 315 | 3 | №1 |

- Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин 2018-2019-окуу жылынын окуу планы Кыргыз Республикасынын Билим Берүү жана илим министрлигинин 2018-жылдын 9-июлдагы №907/1 буйругу менен бекитилген. 2018-2019-окуу жылы үчүн окуу планынын негизинде базистик варианты (1-11-кл) кабыл алынды.

1-4-класс: 91 саат
5-9-класс: 148 саат
10-11-класс: 59 саат
Жалпы: 298 саат.
Мектеп компонентинин сааты: жок

- Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин 2019-2020-окуу жылынын окуу планы Кыргыз Республикасынын Билим Берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 23-майындагы №616/1 буйругу менен бекитилген. 2019-2020-окуу жылы үчүн окуу планынын негизинде базистик варианты (1-11-кл) кабыл алынды.

Бул окуу пландын мектептик компоненти жалпы билим берүүчү мекемелердин өзгөчөлүктөрүн (багыттарын) чагылдырат жана окуучулардын, алардын ата-энелеринин макулдашылган кызыкчылыктарын, муктаждыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн билдирет. Мектептик компонент жалпы билим берүү мекемелери тарабынан өз алдынча иштелип чыгат жана окуучулар менен алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдугу менен ишке ашырылат. Мамлекеттик, мектептик жана элективдик (тандоо боюнча предметтер) компоненттер апталык окуу жүктөмүнүн алкагында республикалык бюджеттин эсебинен каржыланат.

Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин №1 пед.советинин чечими менен мектептик компонентти 5-класска 1саат кыргыз тилинен, 8-класс 1 саат математика сабагына берилди.

1. Мамлекеттик компонент: 297 саат
2. Мектептик компонент: 2 саат

1-4-класс: 91 саат
5-9-класс: 149 саат
10-11-класс: 59 саат
Жалпы: 299 саат
Айырмасы:

✓ 2018-2019-окуу жылынын окуу планында Англис тили сабагы 7-класска 2 саат болсо, ал эми 2019-2020-окуу жылынын окуу планы боюнча 7-класска 3 саат болуп өзгөргөн.

✓ 2018-2019-окуу жылында окуу планында Адеп сабагы 1-2-3-4-7-8-класстарга 1ден 6 саат болсо, 2019-2020-окуу жылында окуу планы 7-8-класстардан кыскарып, 1-2-3-4-класстарга 1 ден 4 саат болуп өзгөргөн.

✓ 2018-2019-окуу жылынын окуу планында 5-9-класстардын жалпы 148 саат болсо, 2019-2020-окуу жылынын окуу планында 5-9-класстардын жалпы 149 саат болуп өзгөргөн.

- Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин 2020-2021-окуу жылынын окуу планы Кыргыз Республикасынын Билим Берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 18-июнундагы №475/1 буйругу менен бекитилген. 2020-2021-окуу жылы үчүн окуу планынын негизинде базистик варианты (1-11-кл) кабыл алынды.

1. Мамлекеттик компонент: 297 саат
2. Мектептик компонент: 2 саат (5-класс 1 саат, 8-класс 1 саат)

Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин №1 пед.советинин чечими менен мектептик компонентти 5-класска 1саат математика, 8-класс 1 саат кыргыз тили сабагына берилди.

1-4-класс: 91 саат
5-9-класс: 149 саат
10-11-класс: 59 саат
Жалпы: 299 саат

Айырмасы:

✓ 2019-2020-окуу жылында окуу планында мектептик компоненти №1 пед.советтин чечими менен 5-класска 1 саат кыргыз тили сабагына , ал эми 8-класска 1 саат матемактика сабагына берилген.

Ал эми 2020-202-окуу жылында окуу планынын мектептик компоненти №1 пед.советтин чечими менен 5-класска математика сабагына, ал эми 8-класска кыргыз тили сабагына берилген.

- Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин 2021-2022-окуу жылынын окуу планы Кыргыз Республикасынын Билим Берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 28-майындагы №869/1 буйругу менен бекитилген. 2021-2022-окуу жылы үчүн окуу планынын негизинде базистик варианты (1-11-кл) кабыл алынды.

1. Мамлекеттик компонент: 297 саат
2. Мектептик компонент: 2 саат (5-класс 1 саат, 8-класс 1 саат)

1-4-класс: 91 саат
5-9-класс: 149 саат
10-11-класс: 59 саат
Жалпы: 299 саат

Айырмасы:

✓ 2020-2021-окуу жылында окуу планында Адеп сабагы 1-2-3-4-класстарга 4 саат жана мекен таануу 4 саат берилген.

Ал эми 2021-2022-окуу жылында окуу планы Адеп сабагы таптакыр алынып салынып, 1-4-класстарга мекен таануу сабагына 8 саат (2 сааттан) берилген.

✓ 2020-2021-окуу жылындагы окуу планында турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери сабагы 1-4-класстарга 1ден саат болсо, 2021-2022-окуу жылында бул сабак алынып ташталган жана көркөм өнөр саатына 1-4-класстарына 1ден саат кошулуп (көркөм өнөр сабагы 1-4-класстарга 2ден саат) өзгөргөн.

- Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин 2022-2023-окуу жылынын окуу планы Кыргыз Республикасынын Билим Берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 5-август, №1529/1 буйругу менен бекитилген. 2022-2023-окуу жылы үчүн окуу планынын негизинде базистик варианты (1-11-кл) кабыл алынды.

1. Мамлекеттик компонент: 297 саат

2. Мектептик компонент: 3 саат (5-класс 1 саат, 8-класс 1 саат, 10-класс 1 саат)

Итикул Молдобаев мектебинин №1 пед.советинин чечими менен 5-класска математика

сабагына, 8-10-класстарга кыргыз тили сабактарына берилди.

1-4-класс:111 саат

5-9-класс:147 саат

10-11-класс:60 саат

Жалпы: 318 саат

Айырмасы:

- ✓ 2021-2022-окуу жылынын класс комплекти 11 класс (1-кл-1, 2-кл-1, 3-кл-1, 4-кл-1, 5-кл-1, 6-кл-1,7-кл-1, 8-кл-1, 9-кл-1, 10-кл-1, 11-кл-1) болсо, ал эми 2022-2023-окуу жылында 12 класс комплекти 1-кл-2, 2-кл-1,3-кл-1, 4-кл-1, 5-кл-1, 6-кл-1, 7-кл-1, 8-кл-1, 9-кл-1, 10-кл-1, 11-кл-1) бекилген. Ошонун негизинде жалпы саат 318 болуп өзгөрдү.
- ✓ 2021-2022-окуу жылындагы окуу планында Англис тили сабагынан 5-класска 5 саат, 6-класска 4 саат болсо, 2022-2023-окуу жылындагы окуу планында Англис тили сабагыда 5-класска 4 саат, 6-класска 3 саат болуп өзгөргөн.
- ✓ 2021-2022-окуу жылындагы окуу планында 1-4-класстарга музыка сабагы 1 ден сааат болсо, 2022-2023-окуу мжылында музыка сабагынан 2 ден саат болуп өзгөргөн.
- ✓ «Мен жана дүйнө» интеграцияланган предмети 1-4-класстарда жумасына 2 саат менен окутулуп, ал башталгыч класстардын окуучуларын курчап турган дүйнө кубулуштары, өлкөдө жашаган элдердин руханий маданияты жана жүрүм-турум адеби, ошондой эле турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери менен тааныштырат.
- ✓ Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 7-июнундагы №177 Жарлыгына ылайык дин таануу жаатындагы мамлекеттик саясатты ишке ашыруу жана өспүрүмдөрдүн диндер боюнча сабаттуулугун жогорулатуу максатында 2022-2023-окуу жылынан баштап 9-класска "Диндердин өнүгүү тарыхы" предмети киргизилип, аны окутууга жумасына 1 саат бөлүнгөн. "Диндердин өнүгүү тарыхы" предмети Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги сунуштаган жалпы билим берүү программасы жана окуу-методикалык комплекси боюнча окутулуп, аны Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги тарабынан текшерүүдөн өткөн теологдор жана «Тарых» предметинин мугалимдери окутушат
- ✓ Мектептик компоненти 10-класска 1 саат кошулган.

Окуу бөлүмүнүн башчысы: [signature] Куштарбек кызы Г.